# МАШАЙАКЧЫЛЫКТЫН ИШЕНИМДЕРИ

## ТЕСТТИН СУРООЛОРУНА ЖООПТОР

shepherds
GLOBAL CLASSROOM

# 1 Сабак
# Кудайдын Китеби

(1) Жалпы аян деген эмне?

Бул Кудай жараткан нерселерди карап, Кудай жөнүндө түшүнө алатурган нерсе.

(2) Кудай жеке ачылышты кандай жолдор менен көрсөткөн?

Ыйык Китеп Ыйык Рухтун жетеги менен жазылган жана Ыйса Машайак денеде келген.

(3) Жалпы аян аркылуу ачылбаган кандай чындыктар жеке ачылыш аркылуу ачылат?

- Кудайды сүрөттөйт.
- Бул ачылыш адамдын кулап жана күнөө кылгандыгын түшүндүрөт.
- Бул Кудай менен элдештирүү жолун көрсөтөт.

(4) Ыйык Китеп өзү жөнүндө эмне дейт?

Ыйык Китеп Кудайдын Сөзү экенин жарыялайт.

(5) Кайсы алты себептен улам Ыйык Китепти Кудайдын Сөзү катары кабыл алабыз?

- Ыйык Китептеги миңдеген фактылар далилденди;
- Ыйык Китептеги чындыктар жокко чыгарылган жокко чыгарылган жок;
- Ыйык Китепте карама-каршылыктар жок;
- Жакшы Кабарда Кудайдын күчү көрүнөт;
- Ыйык Рух Ыйык Сөз аркылуу сүйлөйт;
- Ыйык Сөз Кудай менен болгон мамилени бекемдейт.

(6) Эмне үчүн Ыйык Китеп "үйрөтүү үчүн, ашкерелөө үчүн, оңдоо үчүн, адилеттүү болууга тарбиялоо үчүн пайдалуу."?

Ыйык Китеп Ыйык Рухтун жетеги менен жазылган.

(7) Жазуучуларды жаңылышкан жок деп ынандырыш үчүн Кудайдын Рухунун жетеги Ыйык Китепте кандай сүрөттөлөт?

Кудайдын Ыйык адамдары Ыйык Рухтун жетеги менен айтышкан (2 Петр 1:21)

(8) Кудайдын Рухунун жетеги кандай ыкмаларды колдонгон?

- Угузаа сүйлөгөн,
- түш жана көрүнүш берген,
- рухтун жетеги болгон,
- руханий көздөрүн ачкан.

(9) Ыйык Китептин рухтун жетеги менен жазылгандыгы эмнени билдирет?

Бул толугу менен Кудайдын Сөзү, ал тургай, сөздүн өзү.

(10) Ыйык Китептин жаңылбас дегендиги эмнени билдирет?

Ыйык Китеп ишенимдүү, эч качан уятка калтырбайт.

(11) Ыйык Китептин акыйкат дегендиги эмнени билдирет?

Ыйык Китепте ката жок, баардык негиздери чындык.

# 2- Сабак
# Кудайдын өзгөчө сапаттары

(1) Адамдын эң маанилүү мүнөздөмөсү кайсы?

Кудайды түшүнүү.

(2) Адам кандай олутту ката кетирип алышы мүмкүн?

Кудайдын ким экенин билбей адашуу.

(3) Ыйык Китепте Кудай жөнүндө биринчи сабак кайсы?

Ал Жаратуучу ( Табияты бизге окшош эмес)

(4) Ар бир мүнөздөмөгө туура келген Кудайдын мүнөздөрүн санап бергиле:

- Биз Кудайдын сырткы келбетин сүрөттөй албайбыз: *Рух*
- Кудай ар убакта бар болгон: *Түбөлүктүү*
- Кудай жон эле күч эмес: *Инсан*
- Кудайдын табияты олку-солку эмес: *Өзгөрүлбөс*
- Кудай каалаган нерсесин кыла алат: *Кудуреттүү*
- Кудай баарын көрүп турат: *Баардык жерде*
- Анын ырайымы менен Кудай Уулун жерге жиберди: *Мээримдүү (сүйүү)*
- Кудайдын табияты үч инсанды камтыйт: *Үчбирдиктүү*
- Кудай жеткилең табиятка ээ: *Ыйык*
- Кудайдын иш-аракеттери ар дайым адилеттүү: *Адилеттүү*

# 3 – Сабак
# Үчбирдиктүү Кудай

(1) Аалам Кудайдын табиятын кандайча көрсөтүп турат?

> Ааламдын үч жактуу түзүлүшү: мейкиндик, убакыт, материя. Ар бири өз незегинде кайра үч жактуу түзүлүшкө ээ.

(2) Үчбирдик окутуунун негизинде турган Ыйык Китептеги үч негизги идея кайсы?

- Бир гана Кудай бар
- Ата, Уул, Ыйык Рух
- Алар жеке мүнөздүү Кудай катары түбөлүк мамиледе.

(3) Үчбирдиктеги мамилелеринин түзүлүшү кандай?

> Уул Атага баш ийет, Ыйык Рух Атадан баштап алат. Ирети – Ата, Уул, Ыйык Рух.

(4)Үчбирдикетеги бири-бири менен болгон мамилеси, адамдардын мамилесинде кандай чагалышы керек?

> Үй бүлө жана Жыйын.

(5) Тринитариазимдеги табынуу деген эмне?

> Үчбирдиктүү Кудайдын ар бир мүчөөсү даңкка, табынууга татыктуу. Атага Уулу аркылуу рухта сыйынабыз жана ар бирине өзүнчө сыйнабыз.

(6) Моделизимдин эмнеси туура эмес?

> Кудай – бул бир инсан, бирок ар кандай кызматтарды аткарат.

(7) Тринтеизмдин эмнеси туура эмес??

> Ата, Уул, Ыйык Рух – ар башка Кудайлар деп ишенишет

(8) Субордионализмдин эмнеси туура эмес?

> Үч бирдиктүү Кудай арасындагы инсандар тең эмес, бири-бирине баш ийет дешет. Ата-Кудай, Ыйса менен, Ыйык Рух Кудай эмес деп ишенишет.

# 4 – Сабак
# Адамзат

(1) Машайакчылардын адамга болгон көз карашы башкалардан эмнеси менен айырмаланат?

Адамда Кудайдын бейнеси өтө маанилүү экендигин Машайакчы билет.

(2) Адамзаттагы Кудайдын бейнеси физикалык окшоштук эмес экенин кайдан билебиз? Үч себебин айткыла.

- Кудай – рух.
- Адамды Кудайдын ордуна коюу бул – бутка табынуу деп аталат.
- Адам жерде жашоо үчүн жаратылган.

(3) Адамдагы Кудайдын бейнесинин тогуз элементин санап бергиле.

- Чыгармачылык
- ой-жүгүртүү
- баарлашуу
- коомдук мүнөзү
- абийири
- эркин тандоосу
- түбөлүк өмүрү
- сүйүү
- табынуу

(4) Эмне үчүн биз Кудайдын бейнеси боюнча жаратылганбыз?

Кудай менен сүйүү жана табынуу мамилесинде болуу үчүн, адамды Өзүнө окшош кылып жаратты.

(5) Адеп-ахлактык сезиминен кандай жөндөмдүүлүк келип чыгат?

Абийир адамды жакшы жаманды ажырата билүүгө үйрөтөт.

(6) Кудайга жагуу үчүн эрк боштондугубузду колдоно алышыбыз үчүн, эмне үчүн бизге Кудайдын ырайымы керек?

Күнөө эркибизди баш ийдирип алган соң, Кудайдын ырайымы жок, биз күнөөнүн кулу болчубуз.

# 5 - Сабак
# Күнөө

(1) Күнөөнүн аныктамасын түшүнүүгө кандай төрт себеп бар?

- Дүйнөнүн абалын түшүнүү,
- дүйнөдөгү Кудайдын артыкчылыгын түшүнүү,
- ырайым менен куткарылууну түшүнүү жана ыйыктыкты түшүнүү.

(2) Күнөө Кудайдын күнөөсү эмес экенин кайдан билебиз?

Кудай бардыгын кемчиликсиз кылып жараткан.

(3) Төмөнкү түшүнүктөргө ар бир сүйлөмгө аныктама бериңиз: тукумдалган күнөөкөр табият, билип туруп жасалган күнөө, билбестиктен кеткен каталар жана алсыздыктар.

*Тукумдалган күнөөкөр табият* - бул адам төрөлгөндөн баштап күнөөгө түрткөн адеп-ахлактык табияттын бузулушу;

*билип туруп жасалган күнөө* - бул Кудайдын белгилүү эркин бузуу;

*билбестиктен кеткен каталар* – бул кокусунан же билбестиктен Кудайдын Сөзүн бузган иш-аракеттер;

*алсыздыктар* - бул физикалык же акыл-эс жагынан чектөөлөр же кемчиликтер.

(4) Эмне үчүн биз Кудайдын эркин билип, аны аткарышыбыз керек?

- Биз Кудайга жакпаган нерсени кылгыбыз келбейт.
- Туура эмес иштердин жаман кесепеттери бар, ал тургай билип-билбестен болсо да.
- Машайакчылар катары биз жакшы үлгү болушубуз керек.
- Эгерде биз Кудайдын эркинен качууга аракет кылсак, анда биз күнөө кылган болобуз.

(5) Алсыздыктар күнөө эмес экендигин кайдан билебиз?

Ыйсанын алсыздыгы болгон, бирок күнөөсү болгон эмес.

# 6 – Сабак
# Рухтар Тестик суроолорго жооптор

(1) Периштелер качан жаратылган?

Жер жаратыла электе эле периштелер бар болчу.

(2) Периштелер канча жашашат?

Периштелер эч качан өлбөйт.

(3) Периштелерде адатта физикалык денелер жок экендигин кайдан билебиз?

Периштелер – рухтар.

(4) Периштелер жеке мүнөздүү экендигин кайдан билебиз?

- Периштелердин акыл-эси
- аң-сезими бар
- бааралаша
- табына алышат

(5) Ыйык Китепте периштелерди атоо үчүн кандай сөздөр колдонулат?

- Керуптар,
- серафимдер,
- башкы периштелер,
- рухтар.

(6) Периштелер ишенгендер үчүн эмне кылышат?

Алар коргойт.

(7) Жин-перилер эмнеден келип чыккан?

Алар күнөөгө баткан периштелер.

(8) Бурканга сыйынган адам эмнеге чындап сыйынат?

Шайтанга/жин-перилерге.

(9) Шайтан менен жин-перилердин акыркы тагдыры кандай?

Оттуу көл.

# 7 – Сабак
# Машайак Тестик суроолорго жооптор

(1) Машайактын негизги максаты эмнеде?

Машайактын келген максаты - Өз элин күнөөдөн куткаруу.

(2) Алгачкы жыйындар "Ыйса Теңир" деп айтканда, бул эмнени билдирген?

Ал Кудай, бардыгынын Теңири деп түшүнгөн.

(3) Ыйса Кудайдын Уулу болгондуктан, эмнеси менен өзгөчө?

Ыйса Атасынын табиятын толугу менен бөлүшөт.

(4) Ыйсанын денеде келиши эмнени билдирет?

Машайак – денеде келген Кудай. Кудай денеде келип адам болгон.

(5) Эмнеге биз үчүн, Ыйса – адам экендиги маанилүү? ( Үч себеп бар)

Ыйса гана биз үчүн өлмөк, биздин ордубуз үчүн. Ал биздин өкүлүбүз болду.

(6) Эмнеге биз үчүн, Ыйса – Кудай экенин түшүнүү маанилүү?

- Анын курмандыгы чексиз баалуу
- Ыйса гана куткара турган күчкө ээ
- Биз Ага сыйынышыбыз керек.

(7) Эмне үчүн курмандыкка баруу керек эле?

Кудай адилеттүү бойдон калышы үчүн; ошол эле убакыта күнөөнү маанисиз калтырбаш үчүн; курмандык чалынып, адам кечирилиши керек болчу.

(8) Эмне үчүн Ыйса айкаш жыгачта өлгөн, башка жол менен эмес?

Бул Ыйса Кудайдын каргышына калганын көрсөттү.

(9) Ыйсанын тирилгенинин мааниси эмнеде?

Бул Ыйсанын күнөө менен өлүмдү жеңгенин көрсөттү, Ыйса ким экендигин далилдеди жана Анын бизди тирилте аларын көрсөтүп турат.

# 8 – Сабак
# Куткарылуу

(1) Эмне үчүн айкаш көптөгөн адамдар үчүн кемсинтүү болуп саналат?

Себеби бул алардын күнөөкөр экендигин жана кечирилиши керектигин билдирет

(2) Күнөөкөрдүн абалы кандай төрт жагдайдан турат?

- Ал көптөгөн күнөөлөргө күнөөлүү.
- Ал Кудайдын душманы.
- Ал өзүнүн каалоолору менен бузулган.
- Ал өзүнүн абалын өзгөртүүгө алсыз.

(3) Эмне үчүн кун төлөбөгөн кечиримдүлүк, Кудайды жаманатты кылат?

Кудай Өзүн адилетсиз жана ыйык эместей сезмек.

(4) Тообо кылуу деген эмне?

- Бул күнөөкөр өзүнүн күнөөсүн түшүнүп, жазага татыктуу экендигин түшүнгөндүгүн билдирет,
- Ошондуктан ал күнөөлөрүн таштоого даяр болот.

(5) Эгерде адамда куткара турган ишеним бар болсо, анда ушул куткара турган ишеним эмнени билдирет?

Ал өзүн актоо үчүн эч нерсе кыла албашы, Машайактын курмандыгы анын кечирилиши үчүн жетиштүү жана Кудай аны ишенимдин шартында гана кечирет экендигин билдирет.

(6) Ыйса кайсы эки жол менен курмандык чалууга өзгөчө жөндөмдүү болгон?

- Ыйса күнөөсүз болчу.
- Ал Кудай-адам болгон.

(7) Адам өзүнүн куткарылганын кайдан билет?

- чындап тобо кылса,
- Ыйык Жазуудагы Кудайдын убадасына ишенсе жана
- Рухтун күбөлүгүн алса.

(8) Куткарылуу үчүн колдонулган сөздөрдү туура байланыштыргыла:

| | |
|---|---|
| __**А**__ (1) баасын төлөнгөн | (А) Кун төлөп куткарылуу |
| __**И**__ (2) адил деп эсептелди | (Б) Ыйык болуу |
| __**Д**__ (3) белгиленди | (В) Өчүрүү |
| __**Е**__ (4) тынчтык | (Г) Бошотуу |
| __**Ё**__ (5) каарын токтотуу | (Д) Мөөрлөнүү |
| __**В**__ (6) күнөлөр тазаланды | (Е) Элдешүү |
| __**Г**__ (7) куткарылды | (Ё) Чалынган ырайым курмандыгы |
| __**Б**__ (8) ыйыкталды | (Ж) Асырап алуу |
| __**Ж**__ (9) улуу/кызы болду | (З) Кайра жаралуу / Жаңы төрөлүү |
| __**З**__ (10) жаңы жашоо | (И) Актоо |

# 9 – Сабак
# Куткарылуу жөнүндө болгон суроолор Тестик суроолорго жооптор

(1) Жакандын биринчи каттыынын негизги темасы эмнеде?

Куткарылгандыгы тууралуу жеке күбөлөндүрүүсү.

(2) 1 Жаканда ишенген адамдын кайсы өзгөчөлүгүн көбүрөөк баса белгилеген?

Күнөөнү жеңүү.

(3) 1 Корунттуктарга, 10:13 бизге төрт маанилүү нерсе келтирген, алар эмне?

- Азгырыктар адамдык алсыздыктан келет.
- Кудай биздин чегибизди билет,
- Ошондуктан Кудай азгырыкты чектейт.
- Кудай бизге жеңиш үчүн керектүү нерселерди берет.

(4) Ишенген адам кантип Машайакта жашоону уланта берет?

Машайактын осуяттарын аткаруу менен.

(5) Куткарылууну жоготуп албаш үчүн эмне кылышыбыз керек?

Машайак менен тыгыз мамиледе болуу керек.

# 10 – Сабак
# Ыйык Рух Тесттик суроолорго жооптор

(1) Алгачкы жыйындын Ыйык Рухка кандай көз-карашы болгон? (үч мүнөздөмөсүн келтиргиле)

- Алар Ыйык Рух Кудай болгонуна урматташкан.
- Жыйын Ыйык Рухтун катышуусун, иш-аракетин жана жетегин билишкен.
- Кудайдын Рухуна муктаж экенин билишкен жана жоопкерчиликти сезишкен.

(2) Кайсы өзгөчүлүктөр Ыйык Рухтун инсандыгын көрсөтөт?

Анын акылы, эрки жана сезимдери бар.

(3) Сороотучу деген сөз эмнени билдирет?

Сороотучу деген сөз – биз менен болот, жардам берет, өкүлүбүз, шыктандырат дегенди билдирет.

(4) Ыйык Рух кандай иштерди аткарат? Берилген тизмедеги 13түн, 9ун айтып бергиле.

- Ал күнөөнү ашкерелейт.
- Ал бизди жаңылантат, күнөө үчүн өлгөндөргө өмүр берет.
- Ал ар бир ишенүүчүгө куткарылгандыгына жеке күбөлөндүрү берет.
- Ал ар бир ишенүүчүдө жашайт (ар бир куткарылган адамда Ыйык Рух бар).
- Ал Кудайдын чындыгын түшүнүүгө жардам берет.
- Ал адамдарды айрым казматтарга чакырат жана ошол кызматтардын чечимдерин жетектейт.
- Ал ишенгендерди ыйыктайт жана алардын жүрөктөрүн тазалайт.
- Ал күнөөнү жеңип жашоого күч берет.
- Ал ишенгендердин жашоосунда Рухтун жемишиш берет.
- Ал кызмат үчүн Рухтун белектерин берет.
- Ал кызмат үчүн атайын бийлике майлайт.
- Ал Кудайдын эрки менен сыйынууга жардам берет.
- Ал жыйында баарлашуу жана биримдик жаратат.

(5) Ыйык Рухтун биздин жашообуздагы эң негизги максаты эмнеде?

Бизге күнөөлөрүбүздү жеңгенге жардам берет, жүрөгүбүздү тазалайт.

# 11 – Сабак
# Машайакчылыктагы ыйыктык

(1) Табынуунун негизги темасы кайсы?

Кудайдын ыйыктыгы.

(2) Эмне үчүн ыйыктык табынуу менен байланыштуу?

Биз Кудайды сүйөбүз , Ага жагууну каалайбыз жана Ага окшош болгубуз келет.

(3) Машайакчылыктагы ыйыктык качан башталат?

Адам куткарылганда.

(4) Жарыкта жүрүү деген эмнени билдирет?

Кудайдын чындыгын көбүрөөк билүү жана Кудайга баш ийүүнү улантууну билдирет.

(5) Пабыл тесалоникалыктар үчүн эмне деп сыйынган?

Тесалоникалыктар толугу менен ыйык болушу үчүн жана Машайак кайтып келгенде аларды ыйык деп табуу үчүн.

(6) Элүүнчү күн майрамында болгон эң маанилүү нерсе эмне болгон?

Алардын жүрөктөрү тазаланган.

(7) Тукумдалган күнөөкөр табият деген эмне?

Адамдын адеп -ахлагынын бузулушу, аны төрөлгөндөн баштап күнөөгө түрткөн бузулган табият.

(8) Толук ыйыкталуу деген эмне?

Бул тукумдалган күнөөкөр табияттан тазалануу, Ыйык Рухтун катышуусу менен, ал ишенген адам тобо кылгандан кийин ишке ашат.

# 12 – Сабак
# Жыйын Тесттик суроолорго жооптор

(1) Жыйындын доору качан башталган?

Жыйындын доору Элүүнчү күн майрамында башталган.

(2) Эмне үчүн жыйын "элчилер жыйыны" деп аталат?

Жыйынды «элчилердин жыйыны» деп атоого болот, анткени элчилердин окутуусу – жыйындын фундаменталдык доктриналары (окуутулары) болгон.

(3) Жыйын кайсы төрт нерседен келип жыккан?

- Ыйсанын кызматы
- Машайак аркылуу алынган куткарылуу
- Элүүнчү күн майрамында болгон окуя
- элчилерлин доктринасынын ( окуутусунун) өнүгүшү

(4) Ааламдык жыйнга кыскача аныктама бериңиз.

Ааламдык жыйын – бул баардык убакта болгон жана бүт дүйнө жүзүндөгү болгон машайакчылардын биримдиги.

(5) Жергиликтүү жыйынга кыскача аныктама бериңиз.

Жергиликтүү жыйын – бул жыйындын баардык максаттарын аткаруу үчүн чогулган машайакчылар тобу.

(6) "Католик жыйыны" деген термин башында эмнени билдирген?

Ааламдык же бардык машайакчыларды камтыган бүткүл дүйнөлүк жыйыны дегенди билдирет.

(7) Кайсы эки нерсе ааламдык биримдигинин негизин түзөт?

- Элчилердин доктриналары (окуутулары)
- Машайак менен болгон мамиледе өзгөрүү.

(8) Жазылган доктриналдык макулдуулугунун максаты эмнеде?

Ишенгендер тобу биргелешип иштеши үчүн зарыл болгон доктриналарды көрсөтүү.

(9) Жергиликтүү жыйындын алты максатын санап бергиле.

- Жакшы Кабар айтуу,
- жыйында чогуу табынуу,
- доктринаны(окутууну) сактоо,
- жыйын жетекчилерине каржылык колдо көрсөтүү,
- миссионерлерди жөнөтүү жана колдоо,
- муктаж болгондорго жардам берүү,
- күнөө кылган мүчөлөрдүү тарбиялоо,
- чөмүлдүрүү жана кечки тамак өткөрүү,

ишенгендерди шакиртөө.

# 13 – Сабак
# Түбөлүктүк Тесттик суроолорго жооптор

(1) Асмандын негизги иши эмнеде?

Табынуу.

(2) Асманда эмне болбойт?

Бейиште күнөө жана анын кесепети жок: карылык, оору, өлүм.

(3) Бейишке кимдер барат?

Өмүр китебине аты жазылган, күнөө үчүн тобо кылып, Ыйса Машайакка ишенген адамдар.

(4) Ишенүүчүлөр качан бейишке барышат?

Өлгөндөн кийин же Машайак келгенде.

(5) Ыйык Китепте тозок жөнүндө кандай үч нерсе айтылат?

- Түбөлүктүү
- кайтарылгыс
- азапту

(6) Ыйса адамдын колун кесип салганы жакшы деп айтканда, ал эмнени айткысы келген?

Тозокко түшүп калбаш үчүн күнөөдөн баш тартуу.

(7) Эмне үчүн тозок түбөлүктүү?

- Чексиз Кудайга каршы чыгуу күнөө болуп саналат,
- Күнөөкөр Кудайга түбөлүк кызмат кылуудан баш тартат;
- Адам да түбөлүктүү болгондуктан Кудайдан бөлүнүүнү тандаса, анда башка барар жери жок.

# 14 – Сабак
# Акыркы убакыттагы окуялар Тесттик суроолорго жооптор

(1) Ыйык Китептеги пайгамбарлардын китебин ачып берген төрт маанилүү чындыкты атап чыккыла.

- Ыйсанын физикалык түрдө кайтып келиши,
- Бардык адамдардын денелик тирилүүсү,
- Сот
- Кудайдын түбөлүк Падышалыгы.

(2) Машайак кайтып келгенде, машайакчылар менен эмне болот?

- Өлгөндөр кайра тирилишет.
- Бардык машайакчылар Теңирди тосуп алуу үчүн тирилишет.

(3) Машаяктын кайтып келишин кантип күтүшүбүз керек?

Биз Анын келишин,

- түбөлүк баалуулуктарды сактоо менен,
- таза жашоо менен,
- сыйынуу аркылуу рухий жактан коргоо менен күтөбүз.

(4) Тирилүү жөнүндөгү окутуу эмне үчүн маанилүү?

Тирилүү жөнүндөгү окуутуу зарыл анткени ал

- Ыйса өлгөндөрдүн арасынан тирилген,
- бардык адамдар тирилет,
- дене түбөлүк баалуулукка ээ жана,
- Жакшы Кабар чындык экенин билдирет.

(5) Сот жөнүндө билүү эмне үчүн маанилүү?

Биз

- күнөөнүн олуттуулугун,
- Кудайдын алдындагы жоопкерчилигибизди,
- тандоолорубуздун маанилүүгүн жана
- күнөөнүн аягы эмне болорун түшүнүү үчүн сот жөнүндө билишибиз керек.

# 15 – Сабак
# Байыркы ишеним белгилери Тесттик суроолорго жооптор

(1) Ишеним белгиси деген эмне?

Бул негизги машайакчылык ишенимдеринин кыскача жыйындысы болуп саналат.

(2) Ыйсанын алгачкы жолдоочулары үчүн Ыйса жөнүндө кайсы эки билдирүү зарыл болгон?

- “Ыйса -Теңир”
- “Теңир Ыйса Машайак”.

(3) Ыйык Жазуудагы бир нече билдирүүлөрдү берген алгачкы ишеним белгиси кайсы?

1 Тиметей 3:16

(4) Элчилер ишеним белгисинин болгон жазуунун максаты эмне болгон?

Элчилердин окууларын орнотуу болгон.

(5) Никей ишеним белгисинин болгон жазуунун максаты эмне болгон?

Машайактын кудайлыгы жана Ыйык Рухтун жөнүндөгү окутууларды коргоо.

(6) Халкидондук ишеним белгисинин болгон жазуунун максаты эмне болгон?

Машайактын денеде келгендиги жөнүндө окутууну коргоо болгон.